ЫКИПКнын пед
кенешинде каралып,
бекитүүгө сунушталган.
протокол №__5__

"_12_"_02_20_21г

«БЕКИТЕМИН»
ЫКИПКнын
директору Жумабаева.Б
________________
"_25_"_02_20_21г

# Ысык-Көл индустриялдык педагогикалык колледжин билим берүү программаларын өзүн – өзү баалоо боюнча комиссиясынын иши жөнүндөгү жобо

1. *Жалпы жоболор*

Ысык-Көл индустриалдык - педагогикалык колледжин билим берүү программаларын өзүн – өзү баалоо боюнча комиссиясынын иши жөнүндөгү жобосу ЫКПИКнин аккредитацияланууучу билим берүү программаларынын өзүн – өзү баалоо жүргүзү боюнча комиссиясынын иштөө эрежелерин жана тартибин бекитет. Жобо Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө" мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө" 2015-жыджын 29-декабрындагы №670 жана 2016-жылдын 4-октябрындагы №525 "Кыргыз Республикасынын баштапкы , орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомдоруна ылайык иштелип чыкты.

Өзүн – өзү баалоонун максаттары:

Ысык-Көл индустриялдык педагогикалык колледжин билим берүү программаларын минималдык талаптарына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келүүсүн баалоо;

- Билим берүү программаларынын ишмердүүлүгүнө swot анализ жасоо;
- Аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана билим берүү уюмунун ишинин сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды пландаштыруу.

2. **Өзүн – өзү баалоо боюнча комиссиясынын ишин пландоо жана даярдоо**

2.1 Өзүн – өзү баалоо кеңешинин чечиминин негизинде бекиткен комиссия (мындан ары – Комиссия) тарабынан жүргүзүлөт.

2.2 ЫКИПКнин кеңештин чечими менен Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- Колледждин директору – Коммисиянын төрагасы;
- Колледждин директорунун орун басары;
- Цикл жетекчилери;
- Камкордук кеңештин, студентердин, бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыктар тараптардын өкүлдөрү;
- Аккредитациялоодо курамга колледжди башкарууда тажрыйбасы бар адамдар сунушталат;
- Программалык акредитациялоодо аккредитацияланууучу программага жооптуулар сунушталат.

2.3 Өзүн – өзү баалоо жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- Өзүн – өзү баалоо башталган жана аяктаган күндөр (Өзүн – өзү баалоонун мөөнөтү 6 жумадан кем болбоосу шарт);
- Өзүн – өзү баалоонун отчетун Окумуштуулар кеңешин отурумунда кароого берүү күнү.
2.4 Өзүн – өзү баалоого даярдык көрүүдө Комиссиянын төрагасы мүчөлөрү менен уюштуруу даярдык көрүү боюнча жыйналыш өтөт.
Анда:
- өзүн – өзү баалоонун планы каралат жана бекитилет, белгилүү жумуш багыттары боюнча мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги жана ролу аныкталат;
- минималдык талаптардын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде изилдөөгө жана баалоого кирүүчү маселелер такталат;
- өзүн – өзү баалоонун жыйынтыктарын жалпылоочу жана отчет даярдоочу адам дайындалат;
- өзүн – өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын-ала жана акыркы кароо мөөнөттөрү аныкталат.

**3. Өзүн – өзү баалоонун мазмуну**

Өзүн – өзү баалоо - Ысык-Көл индустриалдык -педагогикалык колледжин ишмердүүлүгүнүн минималдык талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келишим камтыган комплекстүү жана ар-тараптуу баалоо. Талдоого жана баалого билим берүү уюмунун акыркы 5 жылдагы аккредитацияланууч программалардын бардык окутуу формалары (күндүзгү, сырттан, кечки, ж.б) жана окутуу технологиялары (дистанттык билим берүү технологиясы, маалыматтык – коммуникациялык технология ж.б) боюнча жыйынтыктары кирет. Ысык-Көл индустриялдык педагогикалык колледжинин жыйынтыктарын бекитүү тастыкталган болуусу зарыл(тастыктоочу документтер болуу керек).
Өзүн – өзү баалоодо ар-бир минималдык талап үчүн төмөнкүлөрдү көрсөтүү керек:
-документтердин жана ресурстардын бар болуусу ;
- ишке ашуу механизмин иш-жүзүнө ашыруу;
-иштин жыйынтыгын баалоо;
-жакшыртуу боюнча пландар;
Томондо Ысык Кол индустриалдык педагогикалык колледждин минималдык талаптарга шайкеш келишин баалоодогу документтердин болжолдуу тизмеси (Кыргыз Республикасынын Окмотунун “Кыргыз Республикасынын билим беруу системасында коз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитуу жонундо”2015-жылдын 29-декабры №670 токтомунун негизинде)келтирилди.

1. **Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо**

- Билим берүү уюмунунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын, билим берүү максаттарынын болуусу

-Кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда иштелип чыккан, эмгек рыногунун чагылдыруучу жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген, универсалдуу жана кесиптик терминдер менен баяндалган окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу
- Билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүктөмүнүн болуусу
- Билим берүү программасын жакшыртуу максатында окуучулар (студенттер) менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил мезгили менен (бир жылда бир) баалоо

-Билим берүү программасынын практикалардын бардык түрлөрүнөн (тааныштыруучу, окутуучу, өндүрүштүк, диплом алдындагы) өтүү үчүн окуу планында каралган орундарды берүүсү
- Актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин сонку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму тарабынан мониторинг жүргүзүү жана баалоо
- Мониторин жүргүзүү

2. **Багытталган окутуу жана окуучулардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоо**
- Баалоочу адамдардын (экзаменаторлордун) окуучунун ( студенттердинБи) билимин текшерүүнүн усулдарына ээ болушу жана бул тармакта клавификациясын дайыма жогорулатуусу;
-Билим берүү уюмунун окуучулар (студенттер) жетүүгө тийиш болгон окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына карата адекваттуу болгон, ошондой эле окуучунун (студенттин) окутуунун пландалган натыйжасына жетишуу деңгээлин көрсөткөн баалоо критерийлерин жана усулдарын өзүнүн сайтында жайгаштыруусу
- Баалоо процедураларынын жумшартуучу жагдайлары жана баалоонун натыйжасын апелляциялоонун расмий процедурасын камтыган обьективдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыздоосу
-Колдонулуучу баалоо процедурасы, күтүлүүчү текшерүүлөрдун түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук ишти коргоо ж.б), окуучуларга (студенттерге) карата талаптар, алардын билимин баалоонун колдонулуучу критерийлери жөнундө окуучуларга (студенттерге) толук маалымдоо
- Окуучуларды (студенттерди) иргөөнүн себептерин талдоо жана алардын жетишүүсүн жогорулатуу жана окуучулардын (студенттердин ) бекемделүүсү боюнча чараларды көрүү
- Окуучулардын (студенттердин) даттануулларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген процедураларынын болуусу.
- Билим берүү уюмунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу усулдук ресурстарды,педагогикалык усулдарды,формаларды жана технологияларды колдонуу
- Билим берүү уюмунун окугандардын (студенттердин) ар кандай топторунун керектөөлөрүн аныктап жана аларды кошумча курстар, факультативдик, ийримдер аркылуу канааттандыруусу

**3. Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу билим берүү натыйжаларын таануу жана окуучуларды (студенттерди) бүтүрүп чыгаруу**
- Окуучуларды (студенттерди) иргөөнүн жана кабыл алуунун калыс жана объективдүү ыкмаларын колдонуу, ошондой эле потенциалдуу студенттердин тапшыруу үчүн негизги тоскоолдуктарды болтурбоо
- Окуучуларды ( студенттерди) кабыл алуу эрежелерин, процессин, критерийлерин ачык-айкын жана ырааттуу колдонуу
-Окуучулар (студенттер) тандап алган билим берүү траекториясы, ошондой эле акедемиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча толук жана өз учурунда маалымат консультация алуусу
- Окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде чогултуу байкоо жүргүзүү жана андан аркы иш-аракеттер үчүн так процедуралар менен куралдардын болушу

-Билим берүү уюму окуучунун (студенттин) окутуудан күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү жана анын академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзүү үчүн квалификацияларды жана буга чейинки окуган мезгилдерин объективдүү таанууну камсыздоосу

- Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуудан күтүлгөн натыйжаларына жетишкен окуучулардын (студенттердин) ээ болгон квалификациясын, анын ичинде алган билиминин натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана статусун тастыктаган документ менен, ошондой эле окууну аяктагандыгы жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу.

4. **Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курам**

-Окутуучулук жана окутуучу-комокчу курамдын квалификациясы,билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим беруучу программага жана билим беруу процессинин талаптарына ылайык келуусу

-Окутуучулардын билим беруу программасына,мамлекеттик билим беруу стандарттарына,эмгек рыногунун керектоолоруно ылайык келуучу жана билим беруунун сапатын жогорулатууга шарт тузуучу окуу куралдарынын,окуу китептеринин устунон иштоосу

- Билим беруу уюму тарабынан иштелип чыккан,окутуучулук жана окутуучу-комокчу курамдын квалификациясын жогорулатуучу реалдуу пландарынын болушу

-Окутуу менен илимий изилдоолордун ортосундагы байланышты чындоо,окутуунун инновациялык усулдарын киргизуу,алдынкы технологияларды колдонуу учун окутуучулардын илимий ишмердигине дем беруу системасынын болуусу

**5. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ:**

-Окуучулардын ар кандай топторун, анын ичинде ден соолугунун мумкунчулугу чектелген адамдарды керектуу материалдык ресурстар(китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар)менен камсыздоо

- Окуучулардын окуу процессин толук ишке ашыруу учун зарыл жабдуулар , окуу китептери , окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдар, анын ичинде электрондук ресурстар менен камсыздоо

- Окуучуларды окууга шыктандыруу жана натыйжаларга жетишуусуно туртку беруу максатында тиешелуу адам ресурстары (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б) менен камсыздоо

-

**4.Жыйынтыктарды жалпылоо жана отчет түзүү**

4.1.Комиссия тарабынан ЫКИПК нын ишмердүүлүгү жөнүндө жыйналган материалдарга жана маалыматтарга талдоо жүргүзүлөт.

4.2.Жыйынтыктарды жалпылоо боюнча жооптуу кызматкер алынган материалды өзүн-өзу баалоонун отчету(мындан ары –Отчет)турундо жазат.

4.3.Төрага Отчету алдын-ала талкуулоо боюнча Коммиссиянын жыйынын өткөрөт.Жыйында айрым суроолор такталат,кошумча материалдарды жыйноо жөнүндө ой-пикирлер айтылат,өзун-өзу баалоонун жыйынтыгында бүтүмдөрдү жана сунуштарды талкуулашат.

4.4.Отчет боюнча Комиссиянын мүчөлөрү берген сунуштар жана сын-пикирлер айтылат,өзун-өзу баалоонун жыйынтыгында бүтүмдөрү жана сунуштарды талкуулашат.

4.5.Өзун-өзу баалоо боюнча толукталып иштелип чыккан отчетту жыйынтыктап карагандан кийин,Отчет педагогикалык кеңешинде каралат.Цикл кеңеште (педагогикалык)кеңешинде каралат.Цикл кеңеште Отчетту жетекчи тарабынан бекитүү жана материалдарды аккредитациялоонун тышкы баалоосунан отүү үчүн ыйгарым укуктуу органга жөнөтүү жөнүндө чечим кабыл алат.

**5.Отчетко коюлган жалпы талаптар**

Отчет 1-тиркемедеги бекитилген формага ылайык А 4 Форматтагы кагазга жазылып,төмөнкү бөлүктөрдон турат:

-титулдук бет;
-мазмуну;
-кыскартуулар;
-киришүү;
-минималдык талаптардын аткарылышы боюнча талдоо жана далилдер;
-бүтүм;
-тиркемелер;

Минималдык талаптардын аткарылышын талдоо жана далилдер бөлүгүндө күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүү менен минималдык талаптардын аткарылышы жана бүтүмдөр менен сунуштар төмөнкүлөрдү эске алуу менен көсөтүлөт:

-документтердин жана ресурстардын бар экендиги;
-ишке ашыруу механизми\практикада аткарылышы;
-иштин жыйынтыгынын баалануусу ;
-жакшыртуу боюнча пландар;

Бүтүм колледждин жана программалардын минималдык талаптарга шайкеш келиши боюнча акыркы жыйынтыкты жана ыйгарым укутуу органдан аккредитациялоо өтүү сунушун камтыйт;

Шрифт - Times New Roman, 12,бөлуктөрүнүн аталышынын шрифти-14,саптардын ортосундагы интервал-бир,бардык беттер номерленген.

Беттин талаары :солдон -2,5см,оңдон -1,5см,жогору жана төмөн жагы 2см.Таблицаларга жана графиктерге аталышы жана номери коюлат.

Тиркемелерге да номер коюлат.Отчеттун текстиндеги шилтемелер документтин аталышын,бетин жана тиркеменин номерин камтыйт.